DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 10, 2021

ФИЛОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ

ФИЛОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ

PHILOLOGICAL SCIENCES

Жунусов А.К., Тойчуев Т.К.

СИНОНИМДЕРДИН СТРУКТУРАЛЫК ЖАНА СЕМАНТИКАЛЫК ТАБИЯТЫ

Жунусов А.К., Тойчуев Т.К.

СТРУКТУРНАЯ И СЕМАНТИЧЕСКАЯ ПРИРОДА СИНОНИМОВ

A. Zhunusov, T. Toychuev

THE STRUCTURAL AND SEMANTIC NATURE OF SYNONYMS

УДК: 8.81

Бул макалада синонимдердин структуралык, семантикалык табияты изилденип, алардын синтаксистик синонимдер менен болгон карым-катыштары фактылык материалдар менен далилденди. Кыргыз тил илиминде лексикалык синонимдер боюнча бир топ илимий эмгектер жазылып, алардын түрлөргө бөлүнүшү боюнча диссердациялар корголгон. Мектеп программасында, жогорку окуу жайларда да окутулуп келет. Ал эми синтаксистик синонимдер боюнча, алардын структуралык, семантикалык табияты боюнча али сөз боло элек. Кыргыз тили байыркы жана бай тилдердин катарына кирет. Биздин тилибизде өтө көп синтаксистик синонимдер, варианттар жана параллелиздер кездешет. Алардын окшош айырмалуу жактары, уюшулуу булактары, жолдору да такталбай келет. Биз бул макалабызда ушул маселелерди да жазууга аракеттерди жасадык. Ошондой эле лексикалык, синтаксистик синонимдердин түрк тилдеринде орус тилинде жана дүйнө элдеринин тилдеринде изилдениши боюнча да анализ жүргүзүлдү. Синтаксистик синонимдер, варианттар, параллелиздер дүйнөдөгү бардык тилдерде кездешүүчү материалдар болуп саналат. Аларды терең изилдөө ар бир тилдин жана тилчилердин келечектүү планы.

Негизги сөздөр: *синоним, вариант, параллелизм, синтаксис, конструкция, компонент, элемент, түшүнүк, инвариант, модел.*

В статье рассматривается структурно-семантическая природа синонимов и их связь синтаксическими синонимами на основе фактических материалов. Данная тема введена в школьную программу и изучается в высших учебных заведениях. Так как кыргызский язык является древнейшим и очень богатым языком в лексическом отношении, поэтому в языке встречаются различные варианты и параллелизмы синтаксических синонимов. Тем не менее до сих пор не определена сходство и различия, пути и источники синонимов. В кыргызском языкознании по лексической синонимии было написано несколько статей и диссертаций по разнообразию синонимов. Несмотря на это, по структурно-семантической природе синтаксических синонимов еще не посвящена специальная работа. Произведен анализ синтаксических синонимов в тюркских языках, русском и других мировых языках. Синтаксические синонимы, варианты, параллелизмы темы встречаются во всех мировых языках. Они являются научно-исследовательской темой для будущих молодых ученых-языковедов. Далее в статье даются связи синтаксических синонимов с синтаксическими паралеллизмами и вариантами, на основе фактического материала и уточняются их особенности. В связи с этим, мы посвящаем свою статью для решения этих актуальных проблем.

Ключевые слова: *синоним, вариант, параллелизм, синтаксис, конструкция, компонент, элемент, смысл, инвариант, модель.*

The article examines the structural and semantic nature of synonyms and their connection with syntactic synonyms based on factual materials. This topic has been introduced into the school curriculum and is being studied in higher educational institutions. Since the Kyrgyz language is the oldest and very rich language in lexical terms, therefore, there are various variants and parallelisms of syntactic synonyms in the language. Nevertheless, similarities and differences, paths and sources of synonyms have not yet been determined. Several articles and dissertations on the variety of synonyms have been written in Kyrgyz linguistics on lexical synonymy. Despite this, no special work has yet been devoted to the structural and semantic nature of syntactic synonyms. The analysis of syntactic synonyms in the Turkic languages, Russian and other world languages is carried out. Syntactic synonyms, variants, parallelisms of the topic are found in all world languages. They are a research topic for future young linguists. Further in the article the connections of syntactic synonyms with syntactic parallelisms and variants are given, based on the actual material and their features are clarified. In this regard, we dedicate our article to solving these urgent problems.

Key words: *synonym, variant, parallelism, syntax, construction, component, element, meaning, invariant, model.*

Синонимдер маселеси боюнча илимий изилдөөлөр арбыган сайын, анын тигил же бул теориялык жоболору боюнча илимий көзкараштардын ар түрдүүлүгү пайда болгон. Биз сөз кыла турган адабияттык жалпы обзорго көңүл бурсак, синонимия деген эмне? деген суроонун өзүнө карата эле жалпы изилдөөчүлөрдүн эки түрдүү көзкарашын байкайбыз.

Биринчи көз караштагылар (Л.А. Булаховский, 1953, А.Н. Гвоздев 1955; А.И. Ефимов, 1961, 1969; А.М. Финкель, Н.М. Баженов, 1954, ж.б.) синонимдерди маанилик жактан өз ара жакын, бирок бирдей эмес сөздөр деп эсептешсе, экинчи көзкараштагылар (Р.А. Будагов, 1958; Н.М. Шанский, 1957; Галкина-Федорук, К.В. Горшков, 1962 ж.б.) синонимдерди мааниси боюнча бирдей сөздөр катары баалашат.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

Бул экинчи көзкараштагылар «бир сөз - бир түшүнүк» деген тезиске таянышат.

Албетте, бул эки көз караш тең кийинки изилдөөчүлөр тарабынан колдоого алынган жок. Анткени бул эки көзкарашта синонимдердин маанилик жактан эки түрдүү дөңгээлдеги жакындыгынын бири ашкере бааланат. Ошондуктан азыркы учурда синонимдерди маониси боюнча өз ара бирдей (жакшы – дурус – жаман эмес – мыкты ж.б.у.с) же жакын (сулуу – кооз) сөздөр катары аныкташат (М.И. Фомина, 1978; Д.Н. Шмелев, 1977; П.А. Лекант, 1982, ЛЕС, 1990 ж.б.) Мындай позицияны азербайжан, казак, өзбек, түркмөн филологдору менен биримдикте кыргыз тилчи-илимпоздору да (Б. Суранчиева, 1967; К.К. Сартбаев (1987), Ж. Мамытов, 1971, 1999; Т.К. Ахматов жана Ж.Мукамбаев 1978; А. Жалилов, 1996 ж.б.) колдошот.

Булардан тышкары, синонимдердин табиятын аныктоодо сөздөрдүн стилистикалык өзгөчөлүктөрүн эске алуу зарылдыгын эскерткен лингвисттер да кездешет. Бирок бул багыттагы көзкарашта эки түрдүү позиция бар. Биринчи позициядагылар (М.Ф. Палевская, 1964; Р.А. Будагов, 1965; Ф.К. Гужва, 1973; А. Гурбанов, 1967; Б. Абдуллаев, 1963; А.Демирчзаде, 1962; Т.Аширбаев, 2000 ж.б.) сөздөрдүн стилистикалык өзгөчөлүгүн биринчи орунга коюшат. Тагыраак айтканда, синонимия – бул маониси боюнча бирдей, стилистикалык боегу боюнча айырмаланган сөздөр. Маселен, профессор Т.Аширбаевдин ою боюнча, «...стилистикалык маанинин жардамы менен ошол сөздүн лексикалык маониси такталат, өзгөчө боектуулук касиетин ачат» (2000, 115). Экинчи позициядан алганда, стилистикалык синонимдер маониси боюнча жакын, стилистикалык оттеногу боюнча гана эмес, колдонулуш чөйрөсү боюнча да айырмаланган сөздөр болуп саналат (М.Н. Кожина, 1983, 113). Чынында эле, «Синонимдерге дал келбеген компоненттер же предметтик-логикалык маани, же коннотация тиешелүү болуп турат» (И.В. Арнольд, 1990, 130) Алар керектелбеген кеп, стиль болбойт.

Кандай гана позициядагы көзкарашты албайлы, алар синонимдердин түрлөрүнө карай айтылгандыгы талаш туудурбайт.

Синонимдер түзүлүшү боюнча жалпысынан лексикалык жана грамматикалык синонимдер болуп экиге бөлүнөт. Биздин изилдөөбүздүн нагыз объектисин синтаксистик синонимия түзгөндүктөн, лексикалык синонимдерди аларга салыштыруу максатында учкай гана токтолобуз.

Лексикалык синонимдерге берген маониси жагынан окшош же өз ара жакын, кошумча маониси же стилистикалык боегу боюнча, же болбосо, ошол эки белгиси менен тең айырмаланган жеке сөздөр жана ажырагыс сөздөрдүн тизмеги кирет.

Лексикалык синонимдер өз ара семантикалык жана стилистикалык синонимдер болуп экиге ажыратылат.

Идеографиялык синонимдер маанилик жактан гана окшош келет да, синонимдик катардын эч кайсынысы стилистикалык боекко ээ болбойт. Мындай синонимдерге мүнөздүү белгилерди профессор Ж.Мамытов мындайча белгилейт: жалпысынан бир гана түшүнүктү же бири - бирине өтө жакын түшүнүктөрдү билдириши; алардын тыбыштык курамы жактан ар башка болушу; бир сөз түркүмүнө тиешелүүлүгү; синтаксистик бирдей мүчөлүк кызматта келиши (1999, 131). Албетте, идеографиялык синонимдерди биринин ордуна экинчисин эркин колдоно берүү мүмкүн эмес: *Эр – баатыр, аспап – курал – жабдык – жарак – шайман, башка – бөлөк – бөтөн.*

Стилистикалык синонимдерге маониси боюнча окшош же бири - бирине жакын, бирок стилистикалык жактан айырмаланган синонимдер кирет. Мисалы: *карыя – чал, өзүмчүл – мыкчыгер, бала – перзент, сокур – көр – азиз.* Бирок А.П. Евгеньева синонимдерди идеографиялык жана стилистикалык түрлөргө бөлүштүрүүгө каршы. Анын ою боюнча, синонимдердин стилистикалык жана маанилик жагы ажырагыс биримдикте (1970, 11) .

Ж. Мамытов лексикалык синонимдердин үчүнчү түрүн – семантикалык-стилистикалык түрүн өзүнчө бөлүп карайт (1999, 141). Түркологиялык көп эмгектерде эки гана түрү көрсөтүлгөндүктөн, биз бул үчүнчү түрүнө кайрылган жокпуз.

Синонимдер маанилик карым-катышына карай нагыз жана контексттик синонимдер болуп экиге бөлүнөт. Кеп тизмегинен тышкары өз алдынча туруп эле маанилик жакындык түзүп турган сөздөр нагыз синонимдер болот. Мисалы: *кедей – жакыр, бат – тез, адам – киши, жакшы – мыкты.*

Эгерде өз алдынча турганда маанилик окшоштукка ээ болбой, кеп тизмегинде гана маанилик жакындык түзүп турса, контексттик синоним деп эсептелет. Мисалы:

1. Кудай ай, *нур* жаап жатат (Н. Байтемиров).
2. Андай *чийки* иштер кээде өтүп кетиши мүмкүн («Кыргыз Туусу»).
3. Секетбайдан бир *шиңгил* таштап койчу (М.Гапаров).

Бул сыяктуу сөздөр көбүнчө өтмө мааниде колдонулат да, эмоционалдуу-экспрессивдүү боекко ээ болот. Эгер аларды контексттен бөлүп алсак, синонимдик (нур – ырыскы – түшүм, чийки – жеткилең эмес – жараксыз, шиңгил – куплет), бир аталыштагы сөздөр маанилештик касиетинен ажырайт.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

Фразеологизмдер структурасы боюнча сүйлөмгө же эркин сөз тизмектерине окшош болгону менен, татаал сөздөр сыяктуу эле бир суроого жооп берип, бир гана түшүнүктү билдиргендиктен, алардын синонимиясын да лексикалык синонимиянын чегинде кароого туура келет. Эгер аларды тигил же бул аспектиде (мисалы, стилистикалык аспектиде) кароо керек болсо, өзүнчө бөлүп изилдешет. Андай изилдөөлөр эң эле арбын. Ал эми синонимдик планда ой жүгүртсөк, фразеологизмдер да негизинен лексикалык синонимдерге окшош. Бирок алардагы негизги айырмачылык ар убак эмоционалдык-экспрессивдик боекко ээ болот, экинчиден, милдеттүү түрдө кадыресе айтылыштагы синоними бар, үчүнчүдөн, өз ара синонимдеш болушу да, болбостугу да мүмкүн. Мисалы: *жанын койбоо – жакасына жармашуу – этегине эргешүү – уйгактай жармашуу – ысык боткодой жабышуу – ой боюна койбоо.*

Лексикалык жана синтаксистик синонимдер структурасына карай да өзгөчөлөнөт, башкача айтканда, лексикалык синонимдер бир гана сөздөн, синтаксистик синонимдер толук маанилүү сөздөрдүн айкашынан турат деп бүтүм чыгаруу жетишсиздик кылат. Алардын табиятын аныктоо үчүн бул экөөнүн окшош жана айырмалуу белгилерин тактоо зарылчылыгы туулат.

Синтаксистик синонимдер менен лексикалык синонимдерге тиешелүү төмөндөгүдөй жалпылыктар бар: биринчиден, речте аткарган кызматы, сөз колдонуудагы ийкемдүүлүгү, тилди байытуу мүмкүндүгү жана сөз чеберлеринин кеп түзүүдө аларды тандай алуу үчүн ыңгайлуулукту пайда кылышы, экинчиден, синонимдик катардын маанилик жакындыгы же окшоштугу, пайда болуу, баюу ыгынын окшоштугу. Тагыраак айтканда, өз тилибизде ар убак колдонулуп келген түшүнүктүү сөздөрдүн, кээде башка тилдерден кирген сөздөрдүн катышуусу менен жасалышы, адабий тилдин же жергиликтүү диалектилик айтылыштардын эсебинен байып турушу аркылуу өз ара биримдикте турат.

Бул экөөнүн айырмачылыктары ички касиеттерине байланышкан. Биринчиден, лексикалык синонимдер атоо маанисинде гана келип, нерселердин, кубулуштардын атын, белгисин, кыймыл-аракетин, кыймыл-аракеттин ордун, мезгилин билдирүү менен чектелет (*акча - пул - чака, жытта - иске, бирге - чогуу - жанаша - катар, арийне - албетте - ырас ж.б.*). Ал эми синтаксистик синонимдер ошол заттын, нерсенин, кубулуштун, кыймыл-аракеттин жана белгилердин ортосундагы байланыш - катышты билдирет, номинацияга жан киргизет (Акылдуу адам аз сүйлөйт – акылы көп адам көп сүйлөбөйт). Экинчиден, лексикалык синонимдердин катары бирдей грамматикалык категорияга кошулуп, окшош формада турат. Синтаксистик синонимдер өз ара айырмалуу грамматикалык түзүлүштө келет. Эгер абсалюттук окшоштукта турса, синонимдик касиеттен ажырайт. Төртүнчүдөн, эң негизги айырмачылыгы лексикалык синонимдер бир компоненттүү (татаал сөздөрдөн, фразеологизмдерден башкасы), синтаксистик синонимдер көп компоненттүү, татаал түзүлүштө келет. Натыйжада «синтаксистик синонимия өзүнүн өнүккөндүгү жана молдуулугу менен башка деңгээлдердин синонимиясынан кескин айырмаланат» (Т.Аширбаев, 2001, 90). Синтаксистик синонимдер дал ошондой касиети менен кепте чоң мүмкүнчүлүккө ээ.

Синтаксистик синонимдер менен лексикалык синонимдердин мындай жалпылык жана окшош белгилерин тактоо алардын башка касиеттерин аныктоого да өбөлгө түзөт жана бул маселе боюнча изилдөө иштерин жеңилдетет.

Грамматиканын эки тармагы катарында морфологиянын да, синтаксистин да өз алдынча изилдөө объектиси бар экени белгилүү. Демек, грамматикалык синонимдин эки түрү катарында морфологиялык жана синтаксистик синонимдерге тиешелүү жалпылыктар жана өзгөчөлүктөр жок эмес.

Морфологиялык синонимдер грамматикалык формалары (сөз мүчөлөрү) боюнча айырмаланган, мааниси окшош сөздөр болуп саналат. Тилекке каршы, ушул кезге чейин түркологиялык эмгектерде морфологиялык синонимдер тууралуу кеңири маалымат жок. Академик Б.Ө. Орозбаеванын «Сөз курамы» деген белгилүү монографиясында гана сөз мүчөлөрүнүн ортосундагы синонимия жөнүндө учкай сөз козголуп, *ал турмак – ал турсун – ал тургай, суучул – суучу, аткар – атказ, көмкөр - көмөр* сыяктуу мисалдар келтирилген (2000, 218-219). Ошондой эле өзбек тилинин академиялык лексикологиясында да *айбли – айбдор, хабарсыз-бейхабар, серхаракат – харакатчан, уринсиз – наурин* сыяктуу сөздөрдүн синонимдеш экени ырасталат, бирок алар лексикалык синоним катары каралат (1981, 248-249). Эми орус тилинин фактыларына көңүл буралы: *стакан чая – стакан чаю, красивый – красив, умнейший – самый умный, запеть – начать петь* сыяктуу сөздөр морфологиялык синонимдер катары эсептелинет (Н.М. Шанский, 1989, СРЯ 85-98). Албетте, орус тилинин сөз курамы түрк тилдеринен кескин айырмаланат. Ошондой болсо да жогорку үч тилдеги мисалдарда семантика-грамматикалык жакындык жок эмес.

Эгерде синоним мүчөлөр аркылуу жасалган синонимдерди да лексикалык синонимдерге кошсок, анда морфологиялык синонимдерге орун калбаса керек. Экинчиден, синоним түзгөн аффикстерди же

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

кызматчы сөздү тексттен алып салсак, анда алар синонимдеш болбой калат. Мисалы: Бетиңе упа *сүйкөбөчү,* нуру кетет (Н. Байтемиров) - Бетиңе упа *сүйкөбө*, нуру кетет (синонимдер сүйкөбөчү-сүйкөбө). Эгер *сүйкөбөчү* деген сөздөгү *-чы* мүчөсү болбосо, алып салсак, маанилик оттенок жоюлмак.

Демек, сөздөрдө жана ажырагыс сөз тизмектеринде морфологиялык каражаттар аркылуу маанилештик пайда болсо, морфологиялык синоним катары таанылыш керек.

Бул тууралуу А. Хасенованын пикирин колдобой коюу мүмкүн эмес. Автор этиштин лексика-грамматикалык табиятына арналган монографиясында *кеңес этти – кеңешти, сөйлес кылып – сөйлесип* сыяктуу аналитикалык формалар менен синтетикалык формалардын биримдикте келишин, *аларып – алайып, узар – узай, кишир – кишире* сыяктуу синтетикалык формалардын параллель колдонулушун, *үмүт кылгандай болуп – үмүттүү болуп* сыяктуу аналитикалык формалардын алмашылып колдонулушун да синоним катары эсептейт (1971, 155-163).

Мына ушуга карай этиш сөздөрдө гана эмес, башка сөз түркүмдөрүндө деле бул сыяктуу мыйзам ченем болууга тийиш. Бирок тилекке каршы, башка сөз түркүмдөрүндөгү синоним түзүүчү морфемалар терең изилденбей келе жатат.

Ошентип, морфологиялык синонимдер бир гана уңгудан түрдүү аффикстердин же көмөкчү сөздөрдүн жардамы аркылуу жасалат деген жыйынтыкка келебиз.

Адабияттар:

1. Абдуллаева Н.Д. Синтаксическая синонимия в современном азербайджанском языке (на основе глагольных оборотов).
2. Мусаев С.Ж. Тексттин коммуникативдик структурасы. - Бишкек, 2000. – 388-б.
3. Мусаев С.Ж. Текст: прагматика, структура. - Б.: Раритет инфо, 2000.- 322-б.
4. Суранчиева Б. Кыргыз тилиндеги синонимдердин пайда болуу булактары // Кыргыз тилинин грамматикасынын жана лексикасынын очерктери. – Ф.: Илим, 1965. - 86 – 100-б.
5. Абдувалиев И., Садыков Т. Азыркы кыргыз тили. – Б.: Айбек. -294-б.
6. Абдувалиев И. Азыркы кыргыз тили. – Б., 2003. -214-б.
7. Абдуллаев Б. Мүасир азербайжан дилинин лексик синонимлари. КДА. Баку, 1963. – 186-б.
8. Абдуллаева Н.Д. Синтаксические синонимы в азербайджанском языке. Научная сессия. Торжество ленинской политики братства и дружбы народов СССР. - Баку, 1972. – 87-б.
9. Абдувалиев И., Садыков Т. Азыркы кыргыз тили. - Б.: Айбек. - 294-б.
10. Абдувалиев И. Азыркы кыргыз тили. – Б., 2003. -214-б.
11. Абдуллаев Б. Мүасир азербайжан дилинин лексик синонимлари. КДА. Баку, 1963. – 186-б.
12. Абдуллаева Н.Д. Синтаксические синонимы в азербайджанском языке. Научная сессия. Торжество ленинской политики братства и дружбы народов СССР. - Баку, 1972. – 87-б.
13. Жунусов А.К. Виды синтаксических синонимов. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2016. №. 12. С. 34-37.
14. Жунусов А.К. Структурные, семантические строения синонимов. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2016. №. 11. С. 20-23.